**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**e-ISSN: 1694-8610**
№2/2023, 89-97

**УДК:** 32:322: 172.3
**DOI:** https://doi.org/10.52754/16948610_2023_2_11

# КЫРГЫЗСТАНДА МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИН БАЙЛАНЫШЫНЫН НЕГИЗИНДЕ ТЕОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ДИСКУРСУ ЖАНА МАСЕЛЕЛЕРИ

ДИСКУРС И ВОПРОСЫ ТЕОЛОГИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ НА ОСНОВЕ ВЗАИМООТНОШЕНИЙ ГОСУДАРСТВА И РЕЛИГИИ

DISCOURSE AND ISSUES OF THEOLOGICAL EDUCATION IN KYRGYZSTAN BASED ON THE RELATIONSHIP BETWEEN THE STATE AND RELIGION

**Козукулов Тимур Алимбекович**
*Козукулов Тимур Алимбекович*
*Kozukulov Timur Alimbekovich*

**саяс.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.полит.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Political Sciences, Associate Professor, Osh State University*
t.kozukulov@oshsu.kg
https://orcid.org/0000-0001-7480-0025

**Султанбаева Майрамхан Джаналиевна**
*Султанбаева Майрамхан Джаналиевна*
*Sultanbaeva Mairamkhan Djanalievna*

**т.и.к., Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., Ошский государственный университет*
*Candidate of Historical Sciences, Osh State University*
m.sultanbaeba@oshsu.kg

# КЫРГЫЗСТАНДА МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИН БАЙЛАНЫШЫНЫН НЕГИЗИНДЕ ТЕОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ДИСКУРСУ ЖАНА МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация**

Теологиялык билим берүү түшүнүгү Кыргызстанда эгемендүүлүктү алгандан кийин пайда болду. Бир гана Кыргызстанда эмес, бул жалпы эле КМШ өлкөлөрүндөгү көрүнүш. Борбордук Азия мамлекеттеринин ичинде теология жогорку билим берүү деңгээлинде алгачкы жолу Кыргызстандын Ош мамлекеттик университетинде 1993-жылы башталган. Эгемендүүлүктүн 30 жылында теология факультеттеринин саны бешке чыкты. ОшМУ бир гана факультет менен чектелбей, мында үч теология колледжи менен эки Ыйман гимназиясы да ачылды. Учурда мамлекеттик билим берүү мекемелеринде теологиялык билим берүү кулачын жайып жатканын айтууга болот. Жогоруда аталган мекемелерден 24 жылдын ичинде миңден ашык бүтүрүүчү аяктаганы да маалым. Бул жагдай теологиялык билим берүүнүн кыргыз коомунда өз ордун тапкандыгын жана популярдашып жаткандыгын көрсөтүп турат десе болот.

***Ключевые слова:*** Билим берүү, дин, ислам, теология, Кыргызстан

***Дискурс и вопросы теологического образования в Кыргызстане на основе взаимоотношений государства и религии***

**Аннотация**

Концепция теологического образования появилась в Кыргызстане после обретения независимости. Можно сказать, что это не только в Кыргызстане, но и в странах СНГ в целом. И впервые среди стран Центральной Азии она была начата в 1993 году в Ошском государственном университете Кыргызстана. За 30-летнюю историю независимости численность теологических факультетов вырос до пяти. ОшГУ не ограничился только одним факультетом, а также открыл 3 теологических колледжа и 2 теологические гимназии. В настоящее время можно сказать, что теологическое образование в государственных учебных заведениях возросло. Известно, что за 24 года вышеназванные учебные заведения выпустили более тысячи выпускников. Поэтому можно отметить, что теологическое образование нашло свое место в кыргызском обществе.

***Ачкыч сөздөр:*** Образование, религия, ислам, теология, Кыргызстан.

***Discourse and Issues of Theological Education in Kyrgyzstan Based on the Relationship Between the State and Religion***

**Abstract**

The concept of theological education appeared in Kyrgyzstan after gaining independence. We can say that this is not only in Kyrgyzstan, but also in the CIS countries as a whole. And for the first time among the countries of Central Asia, it was launched in 1993 at the Osh State University of Kyrgyzstan. During the 30-year history of independence, the number of theological faculties has grown to five. Osh State University was not limited to only one faculty, but also opened 3 theological colleges and 2 theological gymnasiums. At present, it can be said that theological education in state educational institutions has increased. It is known that for 24 years the above-named educational institutions have produced more than a thousand graduates. Therefore, it can be noted that theological education has found its place in the Kyrgyz society.

***Keywords:*** education, religion, islam, theology, Kyrgyzstan.

**Киришүү**

Теологиялык билим берүү Кыргызстанда баарыбызга маалым болгондой эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында башталгандыгын айтууга болот. Кыргызстанда теологиялык билим берүү алгачкы жолу Туркия Республикасынын Дин иштери боюнча башкармалыгынын колдоосу жана Анкара университети менен биргеликте башталган. Ош мамлекеттик университети, Түркиянын диний башкармалыгы жана Анкара университети ОшМУнун базасында теология факультетин ачуу боюнча 17-ноябрь 1993-жылы үч тараптуу келишимге кол коюшкан. Бул келишим Кыргызстандагы теологиялык билим берүүнүн башаты болуп калды. Ошондой эле башка мамлекеттик окуу жайларда теологиялык билим берүүнүн ачылуусуна негиз болгондугун белгилеп кетүү керек. Теология факультетинин ачылышына Кыргызстандан ошол учурдагы Ош мамлекеттик университетинин ректору Бакыт Бешимов жана профессор Кадыралы Конкобаевдер салым кошушкан. Ошол адамдардын аракетинин натыйжасында Ош мамлекеттик университетинин базасында теология факультети ачылган. Жаңы ачууга макулдугун берген ал учурдагы Билим берүү жана илим министри Аскар Какеевди да эскерүү керек. Анын макулдугусуз теология факультети ачылбай калышы да ыктымал эле. Теология факультетинин ачылышына жогорудагы белгиленген адамдардын салымы зор экендиги тарыхый чындык. 2003-жылы Ош мамлекеттик университетинде жаз айларында ЖОЖ студенттеринин илимий-окуу форуму өткөрүлгөн. Ошондо КУУнун ректору Аскар Какеев Бишкектен делегацияны жетектеп келип катышкан. Форум өтүп жаткан учурда Какеев теология факультети менен жакындан таанышып, жатакана шарттарын көрүп мындай деген: “1993-жылы мага Бакыт Бешимов келип теология факультетин ачабыз деди. Мен макул боло албадым, бирок ал мени ынандырды. Анан макул болдум. Ошондо министрлердин көбү каршы болушкан. Алар мага, сен динчилдерди мамлекеттик окуу жайга алып келдиң деп нааразы болушкан. Азыр мына карап отуруп ошол 10 жыл мурда туура чечим чыгарган экенмин. Ушул кылган ишим туура болгондугуна көзүм жетти. Эгерде ошондо каршы болгонумда анда ушунун баары жок болмок экен. Ал учурда менде теологиялык окуу жөнүндө түшүнүк жок болчу, анан аны медресе же башкача окуу деп түшүнөт элек” (Козукулов, 2016, 121). Билим берүү системасы эскиче медресе сыяктуу элес болгону менен Советтер союзу курулганга чейин диний билим берүү жаатында заманбап доордун чакырыгына шайкеш келген Жадидчилик кыймылы болгон. Ал кыймыл мусулмандардын билим алуусуна жаңычылдык киргизүү болгон. Ал учурдагы билим берүүдөгү теологиялыкка шайкеш келет деп айтууга негиз бар. Жадид мектептери кыргызстандын да аймактарында болгон (Kadyrov, 2014, 163).

Теология факультетине кабыл алынган абитуриенттер келишим боюнча алгачкы 2 жылын Туркияда анан калган 3 жылын Кыргызстанда Ош мамлекеттик университетинде окушмак. 1-2-курсту Анкара университетинин теология факультетинде окуп ал эми 3-4-5-курсту ОшМУда окуп аяктагандарга Кыргыз Республикасынын ББжИМ тарабынан мамлекеттик үлгүдөгү диплом бериле баштаган. Теологиялык билим берүүнүн алгачкы жылдарында эң орчундуу маселенин бирөөсү – квалификациянын аталышы менен шифрине байланыштуу. Баарыбызга маалым болгондой квалификация жана анын шифрлери КРнын Өкмөтү тарабынан бекитилет. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары теолог деген квалификация КРнын нормативдик-укуктук документтеринде болгон эмес. Советтерден калган тажрыйбага таяна турган болсо, “Дин таануу” аттуу квалификация болмок. Кыргыз теологиясынын көч башында

ОшМУнун теология факультетинин алгачкы деканы Авазбек Асанов жана Анкара университетинин теология факультетинен келип Түркиянын өкүлү катары декандын орун басары кызматын аркалаган Мустафа Эрдем эле. Ушул эки ысымдын иш аракетинин негизинде теологиялык билим берүү боюнча окуу процесси негизделип башталды десе болот. Окуу планы Анкара университетинин теология факультети жана ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамы тарабынан биргеликте иштелип чыккан. Кыргызстандын да талаптары, тагыраагы мамлекеттик стандарттар эске алынып, КРнын ББжИМ тарабынан пилоттук негизде бекитилген. Учурда Кыргызстанда 4 теология факультети жана бир бөлүм бар. Ош мамлекеттик университетинде эки теология факультети (Бирөө Ошто жайгашкан болсо, экинчиси Чүй облусунун Аламүдүн районуна караштуу Арашан айыл аймагында Ош мамлекеттик университетинин Арашан гуманитардык институнун базасында жайгашкан), бир факультет Кыргыз-Түрк Манас университетинде, бир факультет Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгына караштуу Кыргызстан Ислам университетинде жана теология бөлүмү Ишенаалы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде. Аны менен бирге үч теология коллежи да бар. Анын экөөсү Ош мамлекеттик университетинде жана бирөөсү Ишенаалы Арабаев атындагы Кыргызстан мамлекеттик университетинде ачылган. Теологиянын коллежи орто-кесиптик теолог адистерин чыгарат. Ошондой эле, теология факультеттерине негизги база болуп берүүсү үчүн Түркиянын моделиндеги Имам-хатип лицейлери ачылган эле. Бирок Кыргызстандын мыйзамдык базасына жооп бербегендигине байланыштуу алар Ыйман гимназиясы деп аталып калды. Кыргызстанда эки Ыйман гимназиясы бар, Ош мамлекеттик университети жана Баткен мамлекеттик университетинин базаларында. Жогорудагы теология факультеттери КРнын ББжИМ тарабынан билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү укугун алган. Ал укук мамлекеттик үлгүдөгү лицензия менен тастыкталган (В Кыргызстане четыре теологических факультета ..., 2018). Акыркы учурда диний билим берген мекемелерде да светтик жана диний билим берүүнү интеграциялоо процессин башталганы менен жылыш жок. Медреселердеги билим берүү системасын теологиялык билим берүү системасына жакындатуу (Будущее исламского образования..., 2016). Бул кадамга баруунун негизги себеби улуттук коопсуздук жана алар берген диплом мамлекеттик үлгүдө эмес жана кабыл албагандыгында (Осмонова, 2019, 59). Ал эми теологиялык билим берүү бир гана Кыргызстанда эмес, Россия Федерациясында да мамлекеттик жогорку окуу жайларында окутулат (Калимуллин, 2019, 41).

**Теологиялык билим берүүнүн башаты: дин таануудан теологияга**

ОшМУ теология факультетинин 1998-жылкы алгачкы бүтүрүүчүлөрдүн дипломуна “Дин таануучу жана ыйман сабагы мугалими” деген квалификация ыйгарылган. Мындан кийин квалификациянын аталышы жылдарга карап өзгөрүп, 1999-2000-жылдагы бүтүрүүчүлөр “Дин таануучу”, 2001-жылдагы бүтүрүүчүлөр “Дин таануучу жана араб тили мугалими”, андан 2007-жылга чейинкилер кайрадан “Дин таануучу” адистигине ээ болушкан. 2000-жылы Кыргызстанда ББжИММ тарабынан билим берүүнүн багыттары иштелип чыгып кайрадан өкмөт тарабынан бекитилди (Утвержден приказом министерства..., 2000). Ага ылайык теологияда бакалавр 520200 жана адистик болсо (5 жылдык) 520201 шифрлери менен бекилди. 2015-жылы билим берүү министри тарабынан билим берүү багыттары кайрадан каралып чыгып, ага адистиктер (5 жылдык адистиктер) кошулбай бакалавр менен гана чектелет (Об утверждении государственных

образовательных стандартов..., 2015). Бирок ал тизме 2011-жылдын 23-августунда №496 токтому менен бекитилген документти кээ бир укук ыйгарымдарды берүү токтомуна ылайык министр кайрадан алымча жана кошумчасы менен буйрук чыгарган. 2000-жылдагы эки баскычтуу программанын максаты Болонья процессине кошулуу эле. Эң алгач эки баскычтуу билим берүү процессине өтүү, тагыраак айтканда бакалавр жана магистратура, бирок ошол эле учурда адистик, багыт жана шифрлердин номенклатурасын кайрадан бекитүү болгон. Ошол учурда бекитилген номенклатурада алгачкы жолу Теология адистиги жана шифри жана Теологиянын бакалавры жана шифри киргизилген. 2004-жылдын апрель айында министрлик тарабынан атайын жумушчу топ ОшМУга келип, билим берүүнү кайрадан талкуулашкан. 2004-жылы ОшМУнун Теология факультети менен Бизнес жана менеджмент факультети бакалавр академиялык даража ыйгаруу боюнча окутууга системасына өткөрүлгөн.

ОшМУнун Теология факультети Дин таануу адистигинен баш тартып теологиянын бакалавры багытын даярдоого 2004-жылы өтүү менен факультеттин жумушчу топ тарабынан үлгүлүү эксперименттик окуу планын иштеп чыгат. Ошол эле учурда теологиянын бакалавры боюнча мамлекеттик стандарт иштелип чыгып, ал 1-февраль 2007-жылы министр Каныбек Осмоналиев тарабынан бекитилген. Теологиянын бакалавры 520200 мамлекеттик стандарты ошондо биринчи жолу бекитилген. Ал эми 2012-жылы бардык жогорку окуу жайлар эки баскычтуу билим берүүгө өтө тургандыгына байланыштуу кайрадан жогоруда айтылган багыттарды жана шифрлерин кайрадан өкмөт тарабынан бекитип, мамлекеттик стандарттарды иштеп чыгуу тапшырмасы министрлик тарабынан КУУ менен КМУга берилип, ал эми теологиянын бакалавры багытын Кыргыз улуттук университеттин Дин таануу кафедрасына тапшырылган. Ал кафедра СССР убагынан калган Атеизм кафедрасынын мураскору деген көз караштар айтылууда. Дин таануу жана теология боюнча мамлекеттик стандартты КУУнун "Дин таануу" кафедрасы түзгөн. Алар түзгөн мамлекеттик стандарт көптөгөн талаш-тартышка себеп болду. Мамлекеттик стандартты түзүү менен алек болгон жумушчу топтун төрөайымы жана ошол эле кафедранын башчысы менен бир канча жолу жолугушуу болгонуна карабай, ОшМУнун теология факультетинин профессордук-окутуучулук курамынын сунуш пикирлери көз жаздымда калып стандартка өзгөртүү киргизүү иши 3 жылдан ашык мезгилди алды.

Жумушчу топтун өздөрү жакшы түшүнбөгөндүгү байкалды, реалдуулуктан узак экендиги даана көрүнүп турду. Бардык аргументке "Теологияда бардык диндер окутулушу керек" деген көз караштарды айтып Россия Федерациясын мисал катары келтирип турушту. Ошол эле Россия Федерациясында теологиянын бир канча багытка бөлүнөөрүн билишкен эмес же атайын билмексен болушкан. Кийинки процессте ал стандартка кошумча-алымча кийирүү эч мүмкүн болбой, Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен ОшМУнун теология факультетинин профессордук-окутуучулук курамы тарабынан биргеликте иштелип чыккан мамлекеттик стандарт стандарт министрликтен бекитилген. Бирок бул мамлекеттик стандарт дагы талаштуу маселелерди чече албады. Бирок теологиялык билим берүү теолог адистигине жакындады десе болот. Бирок кайра эле министрлик тарабынан теологиялык мамлекеттик стандартты түзүүчү катары КУУнун "Дин таануу" кафедрасы болуш керек деген жүйөө коюлганы менен, Ош мамлекеттик университети жана Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети тарабынан иштелип чыккан стандартты бекитүүгө

аргасыз болушту. Себеби КУУ иштеп чыккан стандарт карама каршылыктарды пайда кылган.

**Теологиялык билим берүүнүн маселелери жана бүтүрүүчүлөрдүн статусу**

Акыркы 10 жылда теологиянын бүтүрүүчүлөрү ким болот жана кайсыл багытта иштей алат деген маселе коомдо талаш-тартыш жаратып келет. 5 жылдык дин таануу адистигин бүтүргөндөрдүн дипломуна тиркемесинде бир топ педагогика жана психология предметтери турганын көрүүгө болот. Ага ылайык, жетиштүү деңгээлде педагогика жана психология предметтери окутулганын айтууга болот. Ошого карабай көптөгөн мектептер "квалификациясы туура келбейт" деген жүйөө менен мугалимдикке жумушка алуудан баш тартышат. Өтө аз сандагы бүтүрүүчү мектепте мугалим катары иштейт. Акыркы 10 жылдыкта болсо мектепке жумушка орношкондору жокке эсе. Мектепке жайгашкандар теологияны бүтүргөндөн кийин кайрадан экинчи кесип катары башка адистикти же магистратураны окуп бүтүрүшкөн.

А. Атамбаевдин президенттиги учурунда Коргоо кеңеши (учурдагы Коопсуздук кеңеши) отурумунда атайын дин маселеси каралып, Кыргызстанда диний абал өтө кооптуу деп табылып атайын иш чаралар өткөрүү боюнча чечим чыгарылган. Коргоо кеңешинде бир канча багыт боюнча кабыл алынган чечимге ылайык атайын жумушчу топтор түзүлгөн. Ал жумушчу топтордун милдети чечимдерди ишке ашыруу жана иш чаранын пландарын иштеп чыгуу болгон. Алардын бирөөсү дин таануу жана диний билим берүү тууралуу концепция иштеп чыгуу болуп, мектептерге "Диндер маданияты тарыхы" предметин кийирүү эле. Ошол концепцияны коомдук талкуудан өткөрүп жатканда мектептерге бул предметти кимдер окутат деген суроо коюлганда коомдук пикирди анализ жасабай эле тарых сабагы мугалимдери окутат деген бүтүмдү чыгарып коюшкан деп айтсак жаңылыш болбостур. Эмне үчүн теологдор окута албайт деген маселе кабыргасынан коюлганда, конкреттүү, ынанымдуу, негиздүү жооп бере алышкан эмес. Болгону "Теологдор мектепте иштегенге болбойт" деген гана жооп айтып кутулушкан.

Ошол эле учурда, "тарыхчылар диндерди билишпейт, аларды теологдор окуткан курстан өткөрөбүз" деген позициялары парадокс жаратты десе болот. Теологдор предметти окутса болбойт, бирок ошол предметти окута турган тарыхчыларды курстан өткөрөт деген карама-каршылык жараткан ой чыгып жатты. Ал предметти пилоттук негизде бир канча мектепте тарыхчылар окутуп да көрүштү. Окутулуп жаткан предметтин натыйжасын анализ кылуу максатында Кыргыз билим берүү академиясы (КББА/КАО) тарабынан түзүлгөн комиссия атайын сурамжылоо жүргүзгөн. Ал комиссияга окутуп жаткан мугалимдерден кээ бири ал предметтин мазмунун өздөрү жакшы түшүнө албай жаткандыгын айткандар болгон болгондугу комиссиянын жыйынтык отчетунда берлиген. Бирок ошондой болсо да жумушчу топ альтернативалуу ой кабыл алгысы келген жок. Кыргызстанда бийлик алмашып, башка көз караштардын да бар экендигин эске алып бул багытта азыркы учурда жакшы жылыштар болуп жатат деп айтууга негиз бар.

**Теологиялык билим берүүнүн окуу планындагы маселелер жана талкуулар**

Беш жылдык Дин таануу адистигин бүтүргөндөрдүн дипломуна педагогика жана психологияга тиешелүү 12 предмет окутулгандыгы көрсөтүлүп турат. Беш жылдыкта бир семестрде 15 предметке чейин 7 экзамен 8 зачет алынат. Ал эми бакалавр академиялык даражасына өткөрүлгөндөн кийин максимум 8 предметтик чектөө киргизилди. Беш жылдык билим төрт жылга кыскарды. Бул жерде бир маселе дыкат каралбай калып кетти десе болот. Беш жылдыкка ылайыкташтырылган гуманитардык, социалдык жана экеономикалык (ГСЭ) жана математикалык табигый илимий (МЕН) циклдериндеги блоктор менен предметтерди ошол боюнча бакалаврга өткөрүштү. Ар бир семестрде 8 предмет менен чектелип, биринчи курс адистикке тиешелүү предметтерден ажырап калды. Экинчи курста да ГСЭ жана МЕН цикли басымдуу бөлүктү ээлейт: ал жалпысынан 60 кредитти түзөт. Кыскасын айтканда, бир жарым семестр бою студенттер адистикке тиешеси жана ошондой эле мектеп программасындагы предметтерди окушат дегенди билдирет. Аны менен калбастан мамлекеттик компонентке дагы предметтер кошулуп кетти. Бул багытта алгылыктуу анализ жасалбай жаткандыгын көрсөтүп жатат.

Учурда бардык эле багытта ушул көйгөй турат десек жаңылыш болбосо керек. Ошону менен бирге 2015-жылы бекитилген теологиянын бакалавры мамлекеттик стандартта [8]. Окуу-методикалык бирикме (ОМБ) адистери тарабынан көп талаш-тартыш жаратылган предметтерди белгилеп киргизип койгондугу да чоң көйгөй жаралганын белгилеп кетүү керек. Ал стандартты түзүүчүлөр теология жана теологиялык билим берүү эмне экендиги тууралуу терең анализ жасаган эмес деп айтууга болот. 5 жылдыкта адистикке тиешелүү предметтер жетиштүү окутулат эле. Бакалаврда болсо, семестр 8 предмет менен чектелип, анын үстүнө ага ГСЭ, МЕН, практикалар жана МАКка кредит бөлүнүп адистик предметтерине орун жетпей калууда.

2015-жылы бекитилген теологиянын бакалавры мамлекеттик стандартында бүтүрүүчүлөрдүн ишмердүүлүгү катары 3 багыт каралган. Алар илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк, педагогикалык ишмердүүлүк (дин таануу менен диний предметтерди окутуу) жана уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүк. Педагогикалык ишмердүүлүк көрсөтүлгөнү менен теология бүтүрүүчүлөрүнүн мектептерге кире албай жатышы укуктук жактан талаштуу маселе жаратып жатат. Буга негизги жүйөө катары дипломдо “педагог” наамдын жоктугу менен көрсөтүлүп жатат. Бирок биологиянын же математиканын бакалаврын бүткөндөрдүн дипломунда да мындай наам жазылган эмес. Негизи кайсыл бир предметтин мугалими болуш үчүн педагогика жана психологияга байланыштуу бир канча предметтер жана кредиттер болушу керек. Теологияда сөзсүз түрдө диндер тарыхы, дин философиясы, дин социологиясы, дин психологиясы, дин педагогикасы, дин антропологиясы аттуу предметтер сөзсүз окутулат. Бул предметтер кайсы бир белгилүү динге тиешелүү болбой, жалпы дин таанууга кирет. Ал предметтерди окутпай туруп толук кандуу адис чыгаруу мүмкүн эмес.

Жогорудагы көйгөйлөр менен кошо дагы теологиялык билим берүүдө толтура маселелер бар экендигин белгилеп кетүү керек. Теологиянын бакалавры мамлекеттик стандартына теологияга тиешелүү предметтер өз аты менен аталбай башкача аталыштарда киргизилип жүрөт. Мисалы, тафсир сабагынын аталышы стандартта “толкование священных книг” (ыйык китептерди талкулоо предмети), “изучение священных сказаний”, (хадис предмети) “конфессиональное юриспруденция” (ислам укугу предмети) болуп киргизилип калган. Ал предметтер өз аттары менен эле

мамлекеттик стандартка жана окуу планына киргизилиши керек. Ал эми дин таануу квалификациясы бар бүтүрүүчүлөрдүн дипломдорунда тафсир, хадис, ислам укугу деп белгиленет.

Кыргыз Республикасынын ББжИМ тарабынан 2021-жылы мамлекеттик стандарттын жаңы шаблону бекитилди (Государственный образовательный стандарт..., 2021). Ал стандарттын өзгөчөлүгү, окутула турган предметтерди ЖОЖдордун өздөрүнүн белгилей турганында. Министрлик стандартка жалпы чектерди гана белгилеп койгон. Муну алдыга жылуу деп айтсак болот. Ал эми негизги маселеге келсек, теологиянын бүтүрүүчүлөрүн мектептерде жана башка коомдук иштерге кирүүсүн камсыздоо болуп саналат. Жогоруда белгиленген көйгөйлөрдү эске алуу менен теологиянын бакалавры окуу планына кошумча факультативдик предметтерди киргизүү керек. 240 кредит анан кошумча факультатив ал жалпы кредитке тиешеси жок бирок кошумча кредит болгону менен 0го эсептеп. Ал дене тарбия сабагы сыяктуу педагогика жана психологияга тиешелүү предметтер жана саат кредит көлөмүндө айтыла турган болсо кредит берүү. Бирок ал 240 кредиттен сырткары болот. Ошондой эле жумасына 30 саатты 36 саатка чейин окутуу мүмкүнчүлүгүн берүү. 6 семестрге бөлүштүрүлүп мугалим болуу үчүн керектүү предметтер да окутулат эле. Натыйжада теология жана жалпы диндерге тиешелүү предметтер окутулуп, кошумча мугалимдикке тиешелүү предметтер да окутулуп мамлекеттик стандартта белгиленген илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк, педагогикалык ишмердүүлүк жана уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүк талабына жооп берет деп ишенимдүү айта алабыз. Ушул жандоо менен жогоруда белгиленген көйгөйлөрдү убактылуу болсо да өткөөл мезгилде чечкен болот элек.

2022-жылы Ош мамлекеттик университетинде ББжИМ тарабынан бекитилген мамлекеттик стандарттын негизинде жаңы окуу планын иштеп чыгуу маселеси жаралып, ар бир багыт өз адистиктерине жараша иштеп башташты. Университетте Окуу-методикалык бирикме түзүлдү. Ал бирикмеде проректорлор жана декандар мүчө. Жаңы түзүлгөн окуу планында жакшы жагына жылыштар да болду, бирок аны менен бирге кээ бир көйгөйлөр дагы деле бар экендигин белгилеп кетүү керек. Жакшы жагы ГСЭ жана МЕНде окутула турган предметтерди алып салып ордуна башка жаңы предметтерди киргизүү болду. Ошондой эле кээ бир ашыкча керек эмес деген предметтер базалык бөлүктөн чыгарылып салынды. Ошону менен бирге 2-курстун 4-семестринин аягында дисциплиналар аралык мамлекеттик сынак дагы жокко чыгарылды. Жаңы окуу планы максимумду сегиз предметтен тогузга чыгарды, бирок 14 предметке чыгаруу талабы аткарылган жок. Бир семестрди 9 предмет менен чектөө бул туура эмес. Тогуз предмет тогуз отчеттуулук дегенди билдирет. 30 кредитти толуктоо үчүн 9 предметтин кээ биринин кредиттерин көбөйтүүгө туура келет. Ал канчалык педагогикалык жактан туура келет бул өзүнчө маселе. Ошондой эле мамлекеттик стандартта 50%ы базалык ал эми калган 50%ы элективдүү курс болушу керек деген талап киргизилген. Учурда аккредитациянын дагы талабы студенттерге окуй турган курстарын тандоо мүмкүнчүлүгү болушу керектигин белгилешет. Иш жүзүндө андай эмес. Окуу-методикалык бирикменин проректорлору окуу планынын элективдүү бөлүгүнүн 70%ын ЖОЖ компененттери түзүш керек деген талапты коюшту. Аны эмнеге таянып талап кылып жатасынар деген суроого мамлекеттик стандартта ошондой белгиленген деп айтышты. Андай талап жок экендигин айтылгандан кийин биз ОМБ чечтик деп баарын окуу планын ошондой кылып жасаганга мажбурлашты. Ошондон кийин ОМБнын мүчөлөрү канчалык компотенттүү жана талапка жооп береби деген

суроо туулбай койбойт. Ал эми учурда 2023-2024-окуу жылына кайрадан жаңы окуу планын иштеп чыгуу маселеси каралып, чектөө киргизилди. Ал чектөө бир семестрде окутула турган курс 6 предметтен ашпоо керек деген талап.

**Корутунду**

Жогоруда козголгон жагдайларды эске алуу менен теологиялык билим берүүдө төмөнкүлөр окуу планына сунуш кылынат:

- Факультатив киргизип педагогикалык жана психологиялык предметтер окутулсун; (240 кредиттин сыртында)
- Жумасына белгиленген чектөө 30 сааттан 36 саатка чейин уруксат берилсин;
- Теологиялык предметтер өз аты менен эле жазылып киргизилсин.
- Белгиленген сунуштар туура кабыл алынып, уруксат бериле турган болсо, теологиялык билим берүүнүн өнүгүшүнө чоң салым кошот деп эсептейбиз.

**Адабияттар**

1. «Об утверждении государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования». от 15 сентября 2015 года № 1179/1 http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/200082
2. Kadyrov, M. (2014). Kirgizistan'da ceditçilerin eğitim alanindaki faaliyetleri// Dini Araştırmalar, Temmuz - Aralık, Cilt: 17, Sayı : 45, 159- 172-б.
3. Будущее религиозного образования в Кыргызстане// https://knews.kg/2016/08/09/budushhee-religioznogo-obrazovaniya-v-kyrgyzstane/
4. В Кыргызстане четыре теологических факультета имеют лицензию// https://24.kg/obschestvo/79592_vkyirgyizstane_chetyire_teologicheskih_fakulteta_imeyut_litsenziyu/
5. Государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования направление: 531600 – теология квалификация: бакалавр. Бишкек 2021.
6. Калимуллин, Р. (2019). Религиоведческая и богословская теология в системе вузовского образования. // Образование и духовная безопасность № 1 (7). 41-45-б.
7. Козукулов, Т. (2016). Ислам маданиятында билим берүү саясаты. – Бишкек, – 136 б.
8. Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик болжолдуу стандарты Багыты: Теология-531600. Бишкек-2015.
9. Осмонова, Д. (2019). Реформирование исламского образования в кыргызстане. //Образование и духовная безопасность № 1 (7). 58-63-б.
10. Утвержден приказом Министерства образования, науки и культуры Кыргызской Республики от 29 декабря 2000 года № 752/1 ПЕРЕЧЕНЬ направлений подготовки и специальностей высшего профессионального образования Кыргызской Республики http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/31723